Түшүнүктүү N 50

Иш № АД-1116/23абс5 туп нуска

# ЧЕЧИМ
## Кыргыз Республикасынын атынан

2023-жыл 13-ноябрь Бишкек шаары

Бишкек шаарынын Административдик соту курамында: торагалык кылуучу судья Эшалиев А.М., соттук отурумунун катчысы Т. Асаналиевдин катчылыгында,

Доогер Ш.Н. Орозалиевдин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын өкулу А.Ж. Жолдошбековдун (ишеним каты 24.04.2023-ж. берилген) катышуусунда,

ачык соттук отурумунда Шайирбек Нишанбаевич Орозалиевдин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 9-августунда чыгарган №75 токтомун жокко чыгарып берүү жөнүндөгү арыз боюнча административдик ишти карап,

**т а п т ы:**

Орозалиев Шайырбек Нишанбаевич Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 9-августунда чыгарган №75 токтомун жокко чыгарып берүү жөнүндөгү арыз менен Бишкек шаарынын Административдик сотуна кайрылган.

Коюлган талаптардын далили катары доогер төмөнкүлөрдү көрсөткөн.

2023-жылдын 23-июнь куну Баткен облусунун соту тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылллыш-жаза кодексинин 214- беренесинин 1-бөлүгу менен кунөлүу деп табылып, ал боюнча эсептик көрсөткүчтөн 500 өлчөмүндө, т.а. 50 000 (элуу мин) сом айыпка кириптер кылган. Баткен облусунун өкумунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Лейлек районунун аймактык шайлоо комиссиясынын 03.08.2023 жылы сунушу менен, Шайлдабекова Нуржан Кармабековнанын 2023-жылдын 9- август куну №75 токтому менен жергиликтуу кенештин депутаттык ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча чечим кабыл алынган.

Орозалиев Шайирбек Нишанбаевич Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А. Бердиевге 2023-жылдын 7-июль куну Баткен облустук сотунун өкуму менен макул эместигин билдирип, Жогорку сотко кассациялык даттанууга билдируу берген.

2023-жылы 25-сентябрда жогорку сотто Кылмыш-жаза иши каралып, Баткен облусунун өкумун кучүндө калтырды. Жогорку соттун токтомун жана Баткен облусунун өкумун аткарууга алып, 2023-жылы 25-сентябрда Мамлекеттин пайдасына 50 000 (элуу мин) сом төлөгөн.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси 2021-жылдын 28- октябрындагы №126 мыйзамы менен колдонууга киргизилген 214- берененин 1-бөлугу коркунучтуулугу аз же анча оор эмес кылмыш болуп саналат.

Ошону менен бирге ошол эле кодекстин 95-берененин 2-бөлүгүндө коркунучтуулугу аз кылмыштарды жасагандыгы учун соттолгон адам өкум аткарылган учурдан баштап соттуулугу жок деп таанылат.

Сот отурумунда арыз ээси арызды колдоп, арызды канааттандырууну сурады.



Сот отурумунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын өкулу арыз менен макул болбой, арыз негизсиз жана канааттандырылууга жатпайт деп эсептеп, арызга жазуу түрүндө каршы пикир келтирди.

Тараптардын түшүндүрмөлөрүн угуп, иштин материалдарын изилдеп, сот арыз төмөнкү жагдайлардын негизинде канааттандыруудан баш тартылууга жатат деп эсептейт.

Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 7-майындагы №88 чечими менен, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 1-майындагы №191-токтомунун негизинде Орозалиев Шайирбек Нишанбаевич Баткен облусунун Лейлек районунун Кулунду айылдык кеңешинин депутаты болуп катталган.

Баткен облустук сотунун кылмыш-жаза иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдын 23-июлундагы өкүмүнүн негизинде Орозалиев Шайирбек Нишанбаевич Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 214-беренесинин 1-бөлүгу менен кунөөлу деп табылып, ал боюнча эсептик көрсөткүчтүн 500 өлчөмүндө, т.а. 50 000 (элуу мин) сом айыпка кириптер кылынган.

Көрсөтүлгөн өкумдун негизинде, Баткен облусунун Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын 2023-жылдын 3-августундагы №3 чечими менен Кулунду айылдык кеңешинин депутаты Ш.Н. Орозалиевдин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган.

Аталган Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын чечими Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугу каралып, 2023-жылдын 9-августундагы №75 токтому менен бекитилген.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пунктуна ылайык, депутаттын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотулушу төмөнкү учурларда жүзөгө ашырылат, депутатка карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргенде.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 3-беренесинин 7-пунктуна Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу үчүн төмөндөгүлөр негиз болуп саналат, ылайык ага карата соттун айыптоо өкүмүнүн мыйзамдуу күчүнө кириши.

Ошол эле Мыйзамдын 3-беренесинин 13-абзацында «Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер боюнча депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу негиз келип чыккан күндөн тартып тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы 30 календарлык күндөн кечиктирбестен кабыл алган чечим менен жүзөгө ашырылат» деп көрсөтүлгөн.

"Кыгыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык: «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Ал эми арыздын дооматтарына кайрылсак, Ш.Н. Орозалиев айып пулду төгүп азыркы учурда соттуулугу жок экенин билдирет, бирок Ш.Н.Орозалиев Кулунду айылдык кеңешинин депутатынын ыйгарым укуктарын аткарып жатып соттун айыптоо өкүмүнүн негизинде Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 214-беренесинин 1-

бөлүгү менен күнөөлүү деп табылып, ошол өкүмдүн талаптарын аткаруу максатында мамлекеттин пайдасына айып пулду төккөн.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 95-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык: «Анча оор эмес, оор жана өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адам соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып жоюлган учурга чейин соттолгон болуп эсептелет».

Демек сот, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 9-августунда чыгарган №75 токтому мыйзамдуу деп эсептейт.

Мындай жагдайларда, сот Ш.Н. Орозалиевдин талабы негизсиз деген тыянакка келип, толугу менен канааттандырылуудан баш тартылууга жатат деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 174-беренесинин 1-беренесинин талабына ылайык, ишти маңызы боюнча чечүүдө сот доону толук же жарым-жартылай канааттандыра алат же болбосо аны канааттандыруудан толук же жарым-жартылай баш тартат.

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 171-176-беренелерин жетекчиликке алып, сот

**ч е ч и м   к ы л а т :**

Шайырбек Нишанбаевич Орозалиевдин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 9-августунда чыгарган №75 токтомун жокко чыгарып берүү жөнүндөгү арызы канааттандырылуудан баш тартылсын.

Чечим 30 кундук мооноттун ичинде Бишкек шаардык сотуна апелляциялык тартипте даттанылышы мумкун.

**Торагалык кылуучу** **А. Эшалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИШКЕК ШААРЫНЫН АДМИНИСТРАТИВДИК СОТУ
АДМИНИСТРАТИВНЫЙ СУД ГОРОДА БИШКЕК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИНН 00405199610158